1_ТИРИЧИЛИККЕ БАЙЛАНЫШТУУ
КААДА-САЛТТАР, ЫРЫМДАР
боюнча пикир
(жөн гана көз караш эмес, көп жылдык иликтөө жана изилдөө тажрыйбасынан келип чыккан пикир)

1. Эң алгач аныктамалары ашыкча түшүнүктөр менен берилип, тактыгы, аныктыгы билинбей калган. Эң негизги түшүктөрдүн ырааты (түзүмдүк ирети жана тартиби) туура эмес берилген. Мисалы, каада менен салттын орду жана маанилүүлүгү алмашып калган.
Ырым деген түшүнүктүн да акныктамасы толук ачылбай калган.
Ал эми үрп-адат деген түшүнүк темага камтылганы менен аныктамасы берилбей калган.

2. Көч каадасы деген бөлүккө пикир:
Жогоруда айтылган пикирден улам, каадасына чейин, адегенде көч деген түшүнүктүн өзүнө аныктама берүү зарыл.
Анан түрлөрүнө токтолгондо, кенен маалымат берүү керек, мисалы "Улуу көч", "Журт көчү" деген түшүнүктөр так ажыратылган эмес.
Аныктамасы, түрлөрү толук ачылгандан кийин каада эмес, көчкө байланышкан салттарга кезек берилиши керек, андан кийин каадасын чечмелеген абзел.

3. Көчтөгү салттар деген бөлүккө пикир:
Бөлүктүн аталышын "Көчкө байланыштуу салттар" деп атаганы дурус болот.

Көч баштоодо көчтүн түрүнө жараша өзгөчөлүгүн белгилөө керек. Салтын өзүнчө, каадасын өзүнчө так ажыратып белгилөө зарыл.
"Баба наркы, эне салты" деген сөздү биринчи угушум! Негизи "ата салты" деп айтылат. "Ата-баба салты" же "баба салты" деп да айтылат. "Эне салты" деген сөз кыргыз дүйнө таанымына, философиясына туура келбейт.

"Жол тосуу" менен "учурашып өтүү" түшүнүктөрүн эки бөлөк кылып белгилөө менен бири-биринин так айырмачылыгы көрсөтүлгөн эмес. Мааниси жагынан бир эле ишарат болгондуктан бөлбөй эле чогуу каралганы дурус болмок.

"Суу кечирүү" менен "бел ашыруу" мааниси жагынан узатуу болуп эсептелет. Бул жерде экөө бөлөк белгиленип, суу ашыруу жөн гана көчтү коштоп узатуу болсо, бел ашыруу көчтү түнөтүп эс алдырып узатуу деп белгилениптир. Маселе, кыргыздар узатууну суу кечирүү же бел ашыруу деп атаганы, жер шартына (географиялык өзгөчөлүгүнө) карата, жолдун татаалдыгына байланыштуу болгон. Бир журт үчүн узатууда бел ашыруу маанилүү болсо, башка бир журтка узатуу суу кечирүү маанилүү болгон, ал нерсе жолдун кооптуулугуна байланыштуу болгон.

4. Көчтөгү ырымдар деген бөлүккө пикир:
Аталышын "көчкө байланыштуу ырымдар" деп койгону оң.

"Үй жаңылоо" – бул эң ириде турмуштук муктаждык, ырымга жатпайт.

"Кийим жаңылоо" деген башкача атаганда түшүнүктүү болор эле. Көчтө жаңы кийим кийүү ырымы. Негизи эле көч – бул шаң менен коштолгон салтанаттуу жүрүш. Жумушчу кийим кийүү көчтүн талабына туура келбегендиктен, сындуу кийим (адеми кийим) кийишкен. Кээде ырымдап жаңы кийим кийишкен. Кээде белекке келген кийимди учурунда кийбей, көчтө ырымдап кийип чыгышкан.

“Эски журтка ыраазычылык” менен “жаңы журтка таазим” деген түшүнүктөр бир эле маанини туюнткан “Журт таюу” деген салт болуп эсептелет, ырым эмес. Мындан тышкары “Жер-суу таюу” деген да салт бар.

5. Төрт түлүктү күтүү каадасы деген бөлүккө пикир:
Төрт түлүктү күтүү – бул чарбачылык, каада эмес! Ошол чарбачылыкка тиешелүү талаптар, эрежелер бар. Мисалы журт (жайытка байланыштуу) которуу салты. Малга карата ырымдар, тыюулар да көп...

6. Төрт түлүктү күтүүдөгү салттар деген бөлүккө пикир:
“Ат мингизүү” менен “ат тартуу” мааниси жагынан бир эле түшүнүк, эки бөлөк кылып белгилөөнүн кажети жок.

“Мал энчилөө” – бул “энчилөө” деген салттын бир гана көрүнүшү. Мисалы, бала төрөлгөндө энчилөө салты бар. Жээн келгиче жети бөрү келсин деген макал жээнге энчилөө салтына байланыштуу айтылган. Энчилөө жалаң гана мал менен жүргөн эмес, турмушка керектүү буюм-тайымдарды да энчилешкен.

“Согум” өзүнчө салт эмес, турмуштун тиричилик муктаждыгы, бирок согум союуда согумдан ооз тийүү салты бар.

“Деңгене” Улуттук энциклопедияда бакача түшүндүрүлөт:
Деңгене – бир нече адам бычылган баасына жандык алып, чогуу тамактануу жөрөлгөсү. Жамааттык мамилелер өкүм сүрүп турганда пайда болсо керек. Деңгенеге эркектер гана катышып, шарт боюнча ортого кой, эчки, торпок чыгарып союп жешкен. Деңгененин катышуучулары малдын баасын тең төлөп беришкен. Кийинчерээк, союлган этти бирдей өлчөмдө бөлүп алышкан.

7. Төрт түлүктү күтүүдөгү ырымдар бөлүгүнө пикир:
“Жаңы тууган кулунду ырымдоо” деген аталышта тууган эмес, тууЛган деп жазуу туура болот.

Ушундай эле жаңы тууЛган музоо деп жазуу керек. (Жеке мен мындай ырымды укпаптырмын, пикир айта албайм)

“Аксарбашыл айтуу” ырымынын түшүндүрмөсүндө тактык керек. Аксарбашыл бир гана жакшылык болордо жасалчу ырым. Жортуулдан жеңиш менен кайтса аксарбашыл жасалат, жөн гана аман кайтып келсе, курмандык чалынышы мүмкүн. Сапардан чоң ийгилик, жакшылык менен кайтып келсе, аксарбашыл жасалат. Жөн гана аман-эсен кайтып келсе, аксарбашыл жасалбайт.
Аксарбашыл жасалганда, союлган малдын эти таратылбайт! Казан асып, эл чакырылып, түлөө өңдүү өткөрүлүп, элдин батасын алып, эт чогуу желет.
Бул ырым төрт түлүктү күтүүгө тиешеси жок ырым.

“Кан чыгаруу” негизинен курмандык чалуу болуп эсептелет. Бул ырым да төрт түлүктү күтүүгө тиешеси жок ырым.

“Короону аластоо” – бул салт. Жаңы конушка конгондо журтту аластоо жана малды кармай турган короону (жаңы жасалган) аластоо салты аткарылат. Ал эми мал короодо ылаңдап калса же башка себептерге байланыштуу “короону арчалоо” ырымы жасалат.

“Көрүнүктүү малга, жылкыга тумар тагуу” ырымынын түшүндүрмөсүндө “кара мал” деген түшүнүктү уйга тиешелүү колдонулгандыктан “бодо мал” деп жазуу керек. Себеби “кара мал” деген түшүнүк жалпы чоң мал (уй, төө, жылкы) дегенди билдирет. Өзүнчө атаганда жылкыны кыл куйрук, уйду бодо деп аташат. Жалпы атаганда кара мал болот. Бул түшүндүрмөдө жылкы өзүнчө белгиленип, кой өзунчө белгиленип, кара мал деп (мүйүзүнө тагуу) уйга тиешелүү айтылганы анык.

8. Үй көтөрүү боюнча пикир:
Адегенде үй көтөрүүнүн түрлөрүн белгилөө зарыл. Жаңы үй-бүлөгө үй көтөрүү, конокко арналган үй көтөрүү, жаңы жасалган үй көтөрүү. Ар бирине карата каадасы ар кандай болушу мүмкүн.

Боз үй тигүү салтын өзүнчө чечмелөө зарыл.

9. Үй көтөрүүдөгү салттар бөлүгүнө пикир:
“Үй кирди” деп аталган салт негизинен “өрлүктөө” деп аталат. Түшүндүрмөсүндө кой, тай же кара мал деп белгилегени жогорудагы мисалдарындай туура эмес болуп калган...

“Ашар” деген түшүнүктүн негизги аныктамасы толук ачылган эмес. Ал эми кимдир бирөөгө ага-тууганы, жоро-жолдошу тарабынан берилген колдоо, жардам ашар болуп эсептелинбейт, бул ынтымак!

10. Үй көтөрүүдөгү ырымдар бөлүгүнө пикир:
Жаңы үйдү аластоо – бул салт. Негизинен эле аластоо салт болуп эсептелет. Ал эми арчалоо (ысырыктоо) – ырым. Ырым белгилүү себептерге байланыштуу аткарылат. Салт болсо сөзсүз аткарылчу эреже.

Босогону майлоо ырымынын түшүндүрмөсүндө “салттуу ырым” деген сөз айкашы туура эмес. Негизи ырым салттуу же салттуу эмес деп айтылбайт, жөн гана ырым деп айтылат.

11. Катыш каадасы бөлүгүнө пикир:
Аныктама/түшүндүрмөсүндө толуктоо зарыл. Көчмөн маданиятынын негизги өзгөчөлүгү – жамаатык жашоо. Ошол жамааттык жашоону камсыз кылчу негизги тартип мамиле болуп саналат. Мамилени чыңдоочу бир нече талаптар бар: ага салттар да, ырымдар, адаттар да, тыюулар да кирет. Салтка жараша каадасы кошо жүрөт. Бул бөлүктү катыш деп атаганга караганда мамиле же алака деп койгон дурус.

12. Катыштагы салттар бөлүгүнө пикир:
Учурашып кетүү салты белгилүү шарттарда аткарылат, жаштар (кимдир бирөө) сапардан кайтып келгенде, же сапарга аттанарда.

Тууган издөө – салт эмес, муктаждык. Салттуу жашоодо туугандар бири-биринен айрылбай биримдикте жашоосу шарт. Ар кандай себептер менен туугандар бири-биринен айрылып, алыстап калса, ошондо тууган издеп барат.

Кыз көрүү салт эмес, адат. Себеби салт – бул бирдиктүү эреже. Кыз көрүү болсо ар дайым жана ар бир жигитке милдеттендирилген эреже эмес. Жаштар (кыз менен жигит) ар кандай себеп менен, ар кандай учурларда таанышып, бири-бирин жактырышы мүмкүн.

Достошуу өзүнчө түшүнүк катары салт эмес. Бул бөлүктөгү түшүндүрмөдө “достук анты” жөнүндө айтылганы анык. Ант (шерт) салттан да бийик турат!

Элдешүү да салт эмес, жагдайдын муктаждыгы.

Тартуу жалпы жонунан мамилени чыңдоого багытталган сый-урмат деп эсептелинет. Кээ бир салттарды аткарууда толуктоо катары колдонулат, мисалы куда тосууда, өрлүктөөдө ж.б.

Кол кесер акысы белгилүү гана шартта берилет, касапчынын иш акысы катары. Салттуу турмуштагы жакшылык-жаманчылыкта мал союу жана башка аракеттер ынтымактын негизинде, кызмат катары аткарылат да акы талап кылынбайт.

Шыбага деген түшүнүктүн башка да маанилери бар, бир гана даамга тиешелүү эмес. Шыбаганы салт деп айтууга болбойт, жөн гана үлүш деп түшүнүү керек.

Кала негизинен ун тарттырган иштин акысы эле болуп эсептелет, салт эмес. Катышты (алака-мамилени) чыңдоого же бекемдөөгө тиешеси жок.

Кешик деген кенен түшүнүк. Ар бир адамдын өз ырыскысы болгон сыңары, кешиги да болот. Тактап айтканда адамга тартууланган даам анын кешиги болуп эсептелет. Устукан маселесине тиешелүү болгондо, тартылган устукан ошол адамдын кешиги.
Андан сырткары куда тосууда (алдына баруудa) кешик алып баруу салты бар, ал башка маселе.

Базарлык негизинен салт эмес, мамилени, ынтымакты бекемдеген адат.

Уйкулук да мамилени, ынтымакты бекемдеген адат.

13. Катыштагы ырымдар бөлүгүнө пикир:
Негизи кыргыздар ак калпак кият. Болгону калпактын кыргагы жана кыюусунун өң-түстөрү өзгөрөт. Кызыл кыргактуу калпакты кийүү ырым эмес. Ал жаш курагы келгенде кийүүчү калпак. Боз улан курагынан тарта үйлөнгөнгө чейин кызыл кыргактуу калпак кийилет. Кызыл түс бышкандын, жетилгендин белгиси. Мисалы падышанын (кандын) баш кийими кызыл тебетей болот.

Кызыл ат минүү ырымын укпаптырмын. Жогоруда “кыз көрүү салты” деген бөлүктө да жигит кызыл ат минип же кызыл калпак кийип кыз көргөнү тууралуу айтылган. Кызыл калпак дегенде биз кызыл түс жөнүндө сөз болгонун түшүнөбүз. Ал эми кызыл ат дегенде, “кыздын көзү кызылда” дегендей кызыл түскө эч кандай тиешеси жок аттын (жылкынын) чылкый ак түстө экенин түшүнөбүз да. Эки түшүнүктүн байланышы түшүнүксүз.

Камчысын моюнга салуу ырым эмес! Негизи эле камчыны сүйлөткөн кыргыз камчысы аркылуу акыбал-жагдайын билдирип келген. Камчыга байланыштуу көп белги бар. Ушул белгилер тиешелүү мамиле жасаганга даяр бол дегенди билдирет.

Батасын алуу деген ырым эмес! Бата алуу – бул чоң салт. Бата берүү да салт болуп эсептелет.

Чыбык кыркышып антташуу да ырым эмес! Негизи эле ант, шерт салттан да жогору турган түшүнүктөр.

Табак түп калтыруу бул табак имерүү ырымына тиешелүү талап. Ортодогу табакка эт тууралып, тамак желип бүткөндөн кийин, дасторкондун четиндеги эң кичүү адам табакты имерет.

Ал эми нарктуу адамдын кешигинен калган даамды ооз тийүү – “аяк түбүн ичүү” ырымы деп аталат.

Устукан берүү – бул салт, ырым эмес.

Достошкондо жасалчу ырымдар деген бөлүктөгү антташуу ырым эмес. Кан чыгаруу деп түшүндүрүлгөн көрүнүш да антташууга, шерттешүүгө тиешелүү бекемдөөчү шарт.
Бир эмчекти эмүү ырымы негизинен асыранды балдарды үй-бүлөгө, ал эми эр жеткен адамды катарга (иретке) кошкондо, кан бириктирбегенди эненин сүтү бириктирсин деп жасалчу ырым. Бул ырым достукка эмес, туугандыкка же элдүүлүккө тиешелүү ырым.

Казантүп ырымы деп аталган түшүндүрмөдө бир мааниси казанды бышып жаткан боорсогу менен кошо оттон чыгаруусу – бул казанды отко куру калтырбоо деген тыюу, ырым эмес. Экинчи мааниси, үйдүн кичүүсүнө жедирген ырымы талаштуу маселе. Себеби жыт чыгарган нанды же той-ашка арналган боорсокту бышкандан кийин үй ээси, кызмат кылган адамдар менен кошо бата тилек кылып ооз тийишет, ошондо ырымдап үй ээси (улуусу, демек атасы же энеси) биринчи ооз тиет.

Көз акы деген сөздүн өзү эле айтып тургандай, кайсы бир эмгек же кызматы үчүн берилүүчү акы, ырым эмес. Үмүт кылган же умсунуп калгандарга жөн эле ооз тийгизишкен, бул жөн гана адеп.

Ооз тийгизүү кенен түшүнүк, базарлыктан ооз тийгизүү ырымы деп атаганы оң.

Кийимин сурап кийүү ырымы жалаң гана аялзатына таандык эмес.

Кестигин сурап алуу боюнча пикир күмөндүү. Себеби кыргызда кестик, бычак сыяктуу куралды сурап албайт, же сатып алат, же уурдап алат, мына ушундай ырымдар бар.

Соогат кээде соога деген мааниде Манастан баштап көп эле булактарда белгиленгендей, жоокерчиликте, мергенчиликте, мелдеште түшкөн олжодон, кирешеден бөлүнүп берилүүчү үлүш, энчи же ыйгарылган шыбага.

2_ТИРҮҮЛҮККӨ БАЙЛАНЫШТУУ
КААДА-САЛТТАР, ЫРЫМДАР
боюнча пикир
(жөн гана көз караш эмес, көп жылдык иликтөө жана изилдөө тажрыйбасынан келип чыккан пикир)

Каада, салт, ырым деген түшүктөрдүн аныктамалары так эмес.

1. Уул үйлөө каадасы бөлүгүнө пикир:
Аныктама/түшүндүрмөдөгү айтылган ой каада эмес, жөн гана адам баласынын жашоо маңызы жана максаты камтылган турмуштук көрүнүш.
Сунуш: ушул түшүнүктү уул үйлөө эмес, үйлөнүү (баш кошуу) деп атаса жакшы болмок. Себеби уул үйлөө – бул атанын (уулдун атасынын гана) милдети катары белгиленет. Үйлөнүү болсо эки жаштын баш кошуусу, үй-бүлө күтүүсү же түтүн булоосу тууралуу кабарлайт жана эки тарапка тең (уул тарапка да, кыз тарапка да) тиешелүү болуп эсептелет.

2. Уул үйлөөдөгү салттар бөлүгүнө пикир:
Жуучу жиберүү салты бар. Ал эми жуучулукка киши тандоо – бул салт эмес, жөн гана муктаждык, талап.

Куда тааныш шартка жараша гана боло турган көрүнүш, ошондуктан салтка жатпайт. Көбүн эсе таанышуу кудалашуунун учурунда кошо жүрөт.
Ал эми кудалашуу – салт. Түшүндүрмөсүнө куда башы деген түшүнүк жөнүндө маалыматты кошумчалаш керек.

Кеңеш деген кенен түшүнүк. Кеңешпей туруш иш баштаба, деп кыргызда айтылгандай, ар иштин башында кеңеш болот. Кеңешти өзүнчө бөлүп салт катары кароо туура болбойт калат. Мисалы жигит ата-энеси менен кеңешпейт туруп, ата-энеси тууган-уругу менен кеңешпей туруп, кудалашууга баруусу мүмкүн эмес. Кандай гана иш чара болбосун, дайыма кеңеш болот.

Сөйкө салуу салты кудалашуудан кийинки салт.

Калың берүү маселеси кудалашууда макулдашып чечилет, ошондуктан шартка жараша ар кандай болушу мүмкүн. Калыңдын так өлчөмү болбойт. Мүмкүнчүлүк, шартка жараша болот. Анын баары кудалашууда такталат.

Күйөө куржун салт эмес, каада.
Каада дегег түшүнүк бул эмгекте такыр башкача түшүндүрулүп жатат.

Каада – бул кандай гана салт болбосун, ошол салттын аткарылышындагы көрүнүш (деңгээл, дарамет).
Мисалы, кыздын калыңына канча мал келери, кийити кандай болору, тойдогу шаан-шөкөтү, оюн-зоогу, деңгээли, даңазасы кандай болору кааданы аныктайт. Аш көп болсо, каада көп болот, деген сөз ушундан улам айтылган. Кыз калыңсыз болсо да, каадасыз болбойт деген сөз, кыз алчу тараптын деңгээли же мүмкүнчүлүгү чектелүү болуп, калыңга бере турганы аз же жок болсо да, кыз тарап өз каадасын жасап, өз шартына жараша кызды шаан-шөкөттөп узатат.

Үйлөнүүгө тиешелүү дагы бир негиздүү салт айтылбаптыр, кыз узатуу салты жөнүндө бул тизмекке кошпосо болбойт.

3. Уул үйлөөдөгү ырымдар бөлүгүнө пикир:
Кудалыкка киши тандоо маселеси кеңеш менен чечилет, аны өзүнчө ырым деп атоонун кажети жок.

Келинди тосуп алуу – тоскон журттун деңгээлинин көрсөткүчү катары каада болуп эсептелет.

Кезеги боюнча тосуп алуудан кийин келиндин башынан суу тегеретүү урп-адаты тууралуу айтылыш керек.

Көшөгө тартуу – бул салт!

Жоолук салуу – салт.
Кош жоолук салуу дегенди укпаптырмын, тескерисинче, келинге салт боюнча жоолук салгандан кийин, үстүнө кабаттап жоолук салдырбайт. Жоолук салуу – келин болгондун белгиси, кош жоолуктун мааниси кандай болуп калат – кош келин болгонду түшүндүрүп калабы???

Оттон тегеретүү деген ырымды укпаптырмын. Негизи отко киргизүү деген салт бар. Андан сырткары отко (коломтого) жүгүнүү (таазим этүү) деген түшүнүк бар. Кыргыздарда бир нерсени (эмне болбосун) тегеренбе (айланба) деген тыюу бар.
Өпкө кагуу дегенди өпкө чабуу деп да аташат. Бул ырым дайыма эмес, белгилүү шарттарда аткарылат.
Бул түшүндүрмөдө туура эмес чечмеленген жерлери бар. “Суудай таза, ыйык мамиле болсун экөөнө” деген сөздү башка учурда айтат, баштан суу тегеретүүдө башка сөз айтылат.

Баш байлоо деген ырым тууралу эч нерсе айта албайм, укканым жок. Болгону эл арасында айтылган жаман маанидеги сөз бар: башын байлап алыптыр деген. Бул жагы кандай болуп калат?

Жубайлардын антташуусу – салт!
Түшүндүрмөдө айтылган шарт кызык экен, ээси бар жерге барып, өз ара ант бергени.
Негизи жеке ант болушу мүмкүн, бирок үйлөнүүдөгү ант күбөлөрдүн катышуусунда айтылат.

Жаңы келин сүрү дегенди укпапмын, эч нерсе айт албайм.
Бирок эки элдин чабышып кетпешине карата жасалганы күмөн жаратат. Эки эл деген эки тарап. Ортого чыккан келин арачы болгону эрлердин жолуна шек жаратат. Бул жагы да ойлондурат...

Үлбүрчөк ачуу түшүндүрмөсүндө ким ачканы, анын мааниси тууралуу ой айтылган жок.

4. Кыз узатуу каадасы бөлүгүнө пикир:
Адегенде кыз узатуу салтын ачып берип, андан кийин андагы кааданы жазуу туура болот.

5. Кыз узатуудагы салттар бөлүгүнө пикир:
Кыз оюну салт эмес, бул каада тиешелүү көрүнүш.

Жар көрүшүүнүн түшүндүрмөсүндөгү ишаратты мурда укпаптырмын.

Кызга тартуу жана кызды атказуу ишараты өзүнчө салт эмес, каадасы катары каралат.

Балалуу болууга даярдык деген салт эмес!

6. Кыз узатуудагы ырымдар бөлүмүнө пикир:

Келиндин сөйкөсү деген ырымдын түшүндүрмөсүндөгү ой боюнча суроо жаралат: кудалашуудан кийин кызга сөйкө салынат болочок кайын журту тарабынан. Ошол бойдон ошол сөйкөсүн албай туруп кызды узатышат. Кайын журтка келгенде келин катары аны тосуп алышат. Кайсы сөйкөсүн ким чечип алат?

Ээлүү жерди тайынуу мазар басуу сыяктуу белгилүү бир себепке байланыштуу иш чара, ырым эмес.

Бата алуу ырым эмес, салт болуп эсептелет.

7. Төрөлүү каадасы бөлүгүнө пикир:
Аныктама/түшүндүрмөсүндө каада эмес, бул жарык жашоого наристенин төрөлүшү тууралуу, анын калыптанышы, тарбия-таалим алышы ж.б. турмушка зарыл болгон түшүнүктөр тууралуу баяндалды.

8. Төрөлүүдөгү салттарга пикир:
Кош бойлуу келинге мамиле – салт эмес. Түшүндүрмөдө талгак тууралуу айтылганы бар. Талгакты кандыруу ден соолукка кам көрүү сыяктуу көрүнүш. Эгер келиндин талгагын кандыруу мүмкүн болбосо, тиешелүү ырымдар жасалат.

Төрөттү кабыл алуу салт эмес, биологиялык процесс.

Киндик кесүү дагы биологиялык процесс, салт эмес. Болгону баланын киндиги түшкөндө, ошол киндикти белгилүү жерлерге көмүү ырымы барю

Балага ат коёрдон мурда сүйүнчүлөө салты аткарылат.

Чач алуу дегенди карын чач алуу деп атоо зарыл, болбосо өмүр бою чач алына берет, анын баары салт эмес.
Түшүндүрмөсүндө карын чачты таенесине алдырат деп турган жерде таененин мүнөздөмөсүнө туура келбей калган таенелер эмне болот?

Бешикке салуу салтынын түшүндүрмөсүндө тун балага атайын бешик жасатуу салт болгон дегени талап эмес, ал да шартка жараша ар кандай болот. Көп учурда бешикти ырымдар сурап алып колдонушат.

Бешик ырын салт деп атаганга болбой калат, бул адатка тиешелүү.

Тушоо кесүү салтындагы түшүндүрмөдө баягы баш байлоодон калган ала жипти баланын бутуна байлайт деп белгиленип турат. Суроо: баш байлоонун жиби кандай узундукта даярдалат? Алдын ала ким билет жаш жубайлар канча балалуу болушарын? Кийинки төрөлгөн балдардын тушоосуна баш балоонун жиби жетпей калса кайсы жипти байлашат???

Кыз баланын чачын өрүү салтына кошумча керек: өрүмдөрдүн түрлөрүн ачып берүү керек, жаш курагына жараша.

9. Төрөлүүдөгү ырымдар бөлүгүнө пикир:

Талгагын кандыруу жалпысынан ырым эмес, биологиялык муктаждык. Эгерде келин табылгыс же мүмкүн болбогон нерсеге талгак болсо, ал нерсе табылбагандыктан, талгагын кандыруу максатында касиеттүү билги адамдын жардамы менен атайын ырымын жасачу...

Төрөт учурундагы ырымдар бөлүгүндө ичин көтөрүү ырымын өзүнчө, көлбөтүү ырымын өзүнчө бөлүп жазуу керек. Экөө эки бөлөк себептерге байланыштуу.

Киндик кесүүгө энелерден же жеңелерден ырымдап тандаган учурлар болот. Жалпысынан киндик кесүү ырым эмес, биологиялык муктаждык.

Сары май оозантуу – башы ырым болуп, кийин салтка айланып калган. Негизинен салт болуп эсептелет.

Кырк кашык суу, кырк курак көйнөк – бул баланын кыркын чыгаруу салтына байланыштуу ырым.

Өзгөчө белгиси бар балдарга ырым деген аталышты “өзгөчө ат коюу ырымы” деп койгон туура болот. Түшүндүрмөдө айтылгандан сырткары мисалдарды келтирсе болот: Чоң жинди, Бокмурун ж.б.

10. Аза каадасы бөлүгүнө пикир:
Аныктама/түшүндүрмөсүндө каадага тиешеси жок, жалпы жонунан акыркы сапарга узатуу жөнүндө маалымат болуп калды.

11. Аза салттары бөлүгүнө пикир:
Аталышын өзгөртүп коюуну сунуштайм: акыркы сапарга узатууга байланыштуу салттар.

Камылганы өзүнчө салт деп атоо болбойт. Бул жөн гана турмуштук даярдык жана кээ бир учурларда керээз болуп саналат.
Салт бул баарына бирдей таандык эреже. Камылга андай боло албайт, мисалы, кырсыктан каза болгондорго камылга кандай көрүлөт? Ким аны алдын ала билет?

Кабар айтуу салты деп атаган туура болот. Түшүндүрмөсүндө мааниси башка болуп калды. Жаны чыга электе жакындарын, туугандарын чакыруу – бул кабар айтуу эмес, бул камылга катары, тирүүсүндө коштошуу маанидеги аракет. Бул нерсе салтка жатпайт. Кабар айтуу салты – адамдын жаны үзүлгөндө жалпы эл-журтка кабар берүүсү.

Зыйнатка туруу салтынын түшүндүрмөсүндө айтылганы туура эмес. Адамдын жаны чыккандан кийин аны акыркы сапарга узатууда кадырлоо, сый көрсөтүү менен кызмат кылуу – зыйнатка туруу болуп эсептелет.

Кара туу белгилүү гана адамдардын зыйнатында илинген. Эл башкарган, журт атасы болгон жана кол башчылардын зыйнатында кара туу аза белгиси катары илинген. Катардагы адамдардын баарына эле кара туу илинген эмес.
Азанын белгиси катары салт катары “кызыл уук” (боз үйдүн сөөгү гана, жабуусу жок) тигилген.

Даярдык тууралуу жогоруда да белгиленди.

Кара кийди деген аталышты кара кийүү деген туура болот.

Манаста аза кийимдеринин өң-түстөрү тууралуу мындай айтылат:
Кызыл кырчын кыз балдар
Кызылдан кара кийишип
Кыркка толгон катындар
Карадан кара кийишип...

Жай казуунун түшүндүрмөсүнө толуктоо: биринчи казылган чуңкурдун **батыш** тарабына (бир капталына деп жазылганды тактоо зарыл) капталдатып казанак казылат.

Сөөк узатуу деген жалпы аталыш, бул салтты сөөк чыгаруу деп атоо туура болот.

Жерге берүүнү сөөк коюу деп да атаса болот.
Түшүндүрмөсүнө толуктоо: сөөк казанакта белгилүү тартипте гана коюлат, башы түндүккө, аягы түштүккө каралат, жүзү батышка бурулат. Сөөктү казанакка киргизгени 3 адам тандалат: үч журттан бирден өкүл, ата-журтунан бир адам, тайларынан бир адам, кайын журттан бир адам. Эгер турмуш курбаган маркум болсо, жашына жараша бала болсо ата-тегинен бир адам, тайларынан бир адам деп эки эле адам жетишет, эгер жашы жетилген маркум болсо, ата-тегинен эки адам, тайларынан бир адам.

Топурак салуу салтына толуктоо: сөөк койгону келген ар бир эркек адам бир ууч топурак алып, коштошуу сөзүн айтып туруп, кзанакта кызмат өтөп жаткан жигиттердин идишине салып беришет.
Бир да адам топурак салбай калбаш керек.

Жыл аш деген аталышты жөн эле аш же чоң аш деп атаса туура болот. Себеби баары эле бир жылдан кийин аш бербейт. Ал шартка жараша болот. Кээде арты жакшылык болсун деп, алдыда келе жаткан жакшылыкты күттүрбөй (бала төрөлсө же келин келсе) ашты жарым жылдан кийин деле өткөрө беришет. Кээде шарт болбой, бир нече жылдан кийин өткөрүлөт.

Ак кийди дегенди көп учурда кара (карасын) чечүү деп аташат.

Башын ачуу боюнча толуктоо: салттуу жашоодо жесир калган балалуу келинди кайнисине үйлөндүрүп коюшкан, тукум кор болбосун деп атасынын бир тууганы (келиндин кайниси) аталык милдетти өз мойнуна алган. Эгер жесир калган келин балалуу болбосо, анда башын ачып, башка турмуш курууга бата беришкен.
Кээ бир учурларда балалуу келиндин башын ачышкан, эгер балдары чоңоюп, ата-теги менен байланышы үзүлбөй чогуу жашаган шарты болсо.

12. Аза ырымдары бөлүгүнө пикир:
Көзүн көрүп калуу – бул ырым эмес, бул алдын ала чара көрүү. Эгерде бул аракет ишке ашпай адам өтүп кетсе, ошондо кусалыкты жоюу максатында жаш балдарга маркумдун мүрзөсүнүн топурагын жалатуу ырымы жасалчу. Эгер чоң адамдын кусалыгы болсо, башка ырым жасалчу...

Сөзүн угуп калуу дегенди керээзди аткаруу салты деп атоо керек.
Керээз өзү салт эмес, керээзди аткаруу – салт! бул ырымга жатпайт.

Кулпу салуу ырымы түшүндүрмөсүнөн тышкары учурда да жасалат, эгер бир үйдө же журтта бат-баттан өлүм чыга баштаса, ошондо кулпу салуу ырымы жасалат.

Чуу чыгаруу дегенди үн чыгаруу деген туура болот. Бул ырым эмес, салт болуп эсептелет.

Зер буюмдарын алуу, чачын жаюу – бул ырым эмес, салт болуп эсептелет!

Киши каза болгон үйдө бала төрөлсө дегенди башкача атоо керек. Эгер аза күткөн убакта төрөлсө балага ырымдалган ат коюлат.
Ушул жердеги түшүндүрмөдө казан асылбаганы тууралуу айтылганы туура эмес. Тирчилик уланган жерде от өчпөйт. Сөөк узатууда союлган мал да, чыгарылган жыт, жасалган боорсок да маркумга арналат, бирок бул журтта жашоо уланат деген түшүнүк менен от өчүрүлбөйт.

Бөйрөк таянуу бир гана балдарга эмес, жалпы эле эркектерге таандык. Жетимдиктин белгиси эмес, азанын белгиси. Арка-бел туткан адамдан ажыраганда бөйрөк таянат. Бул ырым эмес.

Жер таянуу да ырым эмес, бул жакынын жоготкон адамдын кайгыдан улам мууну бошогондо аргасыздан болгон көрүнүш.

Аза кийим көтөрүү дегенди укпапмын, кийит илүү деп атаганын билем. Аза кийим дегенде аза күткөн адамдын кийими деп түшүндүрүлүшү мүмкүн. Кийит илүү деген маркумду кадырлоо, сый көрсөтүү максатында берилүүчү кийит. Бул ырымдын мааниси, жоготуунун ордун толукта албасак да, жаңы кийит жакшылыктын жышааны болуп, жамандыктын ордун бассын.

Жыртыштын дагы бир түшүндүрмөсү көп жашаган маркумдун кийилген кийимин ырымдап майда бөлүктөргө бөлүп, зыйнатка келген аялзатына таратылчу, ошол жыртышты тиричиликте ар кандай керектөөлөргө пайдалансын деп, мисалы курак кураганга ж.б.

Мүчө деп аталганы кызык, бирок ырымы белгилүү. Негизинен ооз тийгизүү максатында жасалган ырым.

Сандыгын оодаруу деген аталышка мааниси туура келбейт. Сандыгынан бөлүшүү деп айтылганы белгилүү. Бул ырым. А бирок түшүндүрмөдө бул салт деп жазылыптыр...

Көшөгө жаюу деген туура болот. Бирок бул ырым эмес, бул салт, сөзсүз аткарылчу талап.

3_ТАБИЯТТЫ, ЖАН-ЖАНЫБАРЛАРДЫ ЖАНА КИШИНИ ТААНУУГА, ДАРЫЛООГО, ЭМДӨӨГӨ БАЙЛАНЫШТУУ БИЛИМДЕР боюнча пикир

1. Санчылык түшүндүрмөсүндө “айы тууду” жана “күнү тууду” деген сөз айкаштары дарексиз колдонулган. Биринчиден айы тууду деп айтылбайт, айы толду деп айтылат. Экинчиден айы толду, күнү тууду деген сөз айкаштары адамдын же элдин жашоосундагы жакшы өзгөрүүлөрүн билдирүү максатында айтылган аллегория, ай күндүн тийгизген таасирине тиешеси жок.

2. Жайчылык негизинен каситет болуп эсептелет.

3. Табыркачылык/эсепчилик түшүндүрмөсүндө жаратылыштын (аба-ырайынын, жан-жаныбарлардын) белгилүү бир мыйзамченемдүүлүктөрүн белги катары таанып, окуп билүү билими тууралуу айтылды.

4. Үркөр-ай жылсанагы боюнча маалымат толук эмес.

5. Ай-күн жылсанагында айлардын аталыштары тууралуу маалымат жок.

6. Багбанчылык – бул жөн гана чарба.

7. Дыйканчылык да чарба.

8. Жайытчылык дегенди укпапмын. Негизинен жыл мезгилдерине карата журт котору – бул салт!

9. Малчылык – чарба.

10. Жылкычылык деген сөз түзүлүшү жагынан кесипти билдирет. Саяпкерлик көп учурда өнөр деп аталганы менен касиетке жатат.

11. Мүнүшкөрлүк да касиет болуп саналат.

12. Тайганчылык да мүнүшкөр, саяпкер сыяктуу...

13. Мергенчилик – чарба.

14. Аңчылык – чарба.

15. Сынчылык – бул касиет.

16. Табыпчылык да касиет.

17. Тамырчылык да касиет.

18. Сыныкчы көп учурда касиетке байланыштуу. Кээ бир гана учурда тажрыйбадан улам толгон билим болот.

19. Чөпчүлүк деген сөздү укпапмын. Чөптүн эле эмес, бүтүн өсүмдүктөрдүн касиетин таанып билген адамдын өзү касиеттүү болору анык. Бирок чөпчү деп аталганы күмөн.

20. Дарыгерлик – кесип. Бул түшүндүрмөдө айтылганга караганда табыпчылык жөнүндө сөз болууда. Ал болсо – касиет.

21. Куучулук – касиет.

22. Бүбү-бакшылык да касиет.

23. Умайлык билим катары эсептелээрине күмөн бар. Умай эне колдоочу катары айтылат да, жолун улоо көбүн эсе касиетке байланыштуу болот. Ошол колдоочуга ээ болгон аялзатынын касиети тууралуу сөз болууда.

24. Айтымчылык – бул касиет. Ал эми көрөгөчтүк белгилүү бир билимдин негизинде калыптанган сапат.

25. Дарымчылык да негизинен касиет.

26. Төлгөчүлүк – касиет.

27. Үйлөөчүлүк деп аталган түшүнүк негизинен табыпчылыкка тешелүү ыкма, кээде ырым катары колдонулчу ыкма.

28. Түкүрүкчүлүк деген да табыпчылыкка тиешелүү ыкма, көбүн эсе дем салгандагы ыкма.

29. Далычылык төлгө салуунун бир ыкмасы.

30. Түшчүлүк деп аталганы туура эмес. Түш жоруу деп атаган туура болот.

31. Бадикчилик деп аталган түшүнүк табыпчылыкка тиешелүү көрүнүш, ырым.

Негизинен бул бөлүк билимдер деп аталганы менен көбүнчө касиеттердин түрлөрү жазылып калган экен. Билим деген кенен түшүнүк, бирок касиет менен байланышкан билимдерден сырткары  да көп билим бар.

# 4_МАЙРАМ, САЛТАНАТТАР
бөлүгүнө пикир:

1. Жаңы жыл же жыл ажыратты аталышына сунуш: көп жерде «жыл ажырат» деп колдонулуп жүрөт. Андан тышкары ушул майрам “улуу күн” же “Улустун улуу күнү” деген аталыш менен майрамдалат. Дагы бир аталышы “көктөм” майрамы. Эл арасында дагы бир аталыш кезигет: “көжө майрам” деген.
Чоң көжө тууралуу кенен жазса жакшы болот.

2. Шерине негизинен белгилүү топтун ынтымагын бекемдөө максатында кезектешип берилүүчү тамак. Шерине майрам эмес, ынтымактын күчүн бекемдеген адат болуп эсептелет. Ал ар кандай оюн-зоок менен коштолот.

3. Жоро – бул да майрам эмес, салтанат эмес, бул жолдоштуктун жолунда өзгөчө жакындыктын негизиндеги пайда болгон топтун ынтымагын бекемдөөчү адат. Ал да ар кандай шаан-шөкөт менен коштолушу мүмкүн.

4. Той деген жалпы кенен түшүнүк болгондуктан, ар бир салтка байланыштуу салтанатын өзүнчө тизмектеп койгон жакшы болот. Андагы кааданы (оюн-зоок, шаан-шөкөт), ырымдарды ж.б. өзүнчө бөлүп тизмектегени да дурус болот.

5. Ит агытуу, куш салуу маңызы жагынан бири-бирине окшош, ал эми жорго, күлүк таптоо башка нерсе. Күлүк таптоо бул саяпкердин иши, ат чабышка даярдыгы. Куш салуу, ит агытуу – бул мергенчиликке, аң-улоого чыгуусу, ал эми анын даярдыгы мүнүшкөрлөрдүн жана тайганчылардын иши. Ушул нерселер бул бөлүктө орун алышы талапка туура келбейт, себеби экөө тең майрам да эмес, салтанат да эмес. Болгону кайсы бир майрам, салтанаттарда зоок катары коштолушу мүмкүн. Өзүнчө майрам эмес!

6. Салбурун – бул жогоруда айтылган куш салуу, ит агытуунун эле өзү. Өзүнчө майрам, салтанат болуп эсептелбейт.

5_ҮРП-АДАТТАР
боюнча пикир

1. Үрп-адаттын аныктамасы өтө эле салмактуу жана олуттуу болуп калыптыр. Негизи үрп-адат тууралуу сөз кыларда, адегенде адат деген түшүнүктү кенен ачып берүү керек. адаттын түрлөрүнө токтолуп, анан барып үрп-адат жөнүндө сөз болсо, түшүнүктүү болмок.
Үрп-адат деңгээли боюнча, таасири боюнча салттан төмөн турган түшүнүк. Кадимки эле адаттардан келип чыккан турмуш көндүмдөрү. Албетте жашоо турмушта орду бар, пайдасы бар жана таасири бар. Бирок бул жерде аныктамада жазылгандай эмес!..

2. Теңирлик дүйнөтаанымы – бул үрп-адат эмемс, жөн адат да эмес. Дүйнөтааным деген өзүнчө түшүнүк. Салт, адат, ырымдардын баары дүйнөтаанымга жараша калыптанат.

3. Элдик бата деген аталыш боюнча сунуш: элден бата алуу деген туура болот. Негизи эле бата алуу – бул салт.

4. Нарк – бул салттан да, үрп-адаттардан да жогору турган түшүнүк.
Нарк – бул эрежелердин, талаптардын, баалулуктардын топтому же жыйындысы десек туура болот.

5. Курултай – бул коомдук түзүлүштүн башкаруу ыкмасы, үрп-адат эмес.

6. Жети-ата – бул жөн гана адамдын ата-теги, же тек сүрүүсү, тек билүүсү. Буга тиешелүү өзүнчө салт, талаптар бар: жети атанын ичинде кыз алышпайт-беришпейт ж.б.

7. Урпакт үрп-адатка эч тиешеси жок түшүнүк.

8. Эл куту – бул адамдын белгилүү дараметине байланышкан чоң касиет, үрп-адат эмес!

9. Жер куту деле эл куту сыяктуу чоң касиет.

10. Аксакал – адамдын деңгээли, касиети, наамы.

11. Акбайбиче деле аксакал сыяктуу.

12. Ак келин деле адамдын деңгээли, касиети.

13. Акжолтой деген түшүнүк адамдын жолунун ачыктыгын билдирген сыпат.

14. Акжайдаң да – сыпат.

15. Эр деген наам.

16. Билги адамдын дарамет деңгээли, кээде наам катары да кабылданат.

17. Башчы – наам!

18. Ата мекен – үрп-адатка эч тиешеси жок!

19. Элдик жаза – бул тартипти камсыздоочу чара. Үрп-адат эмес.

20. Намыс – бул үрп-адат эмес.

21. Элдин алкышы – бул элге кызмат кылуунун акыбети.

22. Жаздоо, жайлоо, күздөө, кыштоо – бул жөн гана конуш.

23. Кун – жазанын түрү.

24. Элдин уулу – наам.

25. Элдин кызы – наам.

26. Эл жакшысы – деңгээл, наам.

27. Жолу улуктук – бул салт!

28. Жетим-жесирге мамиле үрп-адат эмес, камкордук.

29. Эл шайырларына мамиле – бул өнөрдү баалоо.

30.Өнөрлүүгө мамиле деле баалоо.

31.Өзгөчөгө мамиле – баёо, камкордук.

32.Жер-сууга туура мамиле дегенди жерди, сууну ыйык тутуу салты деп билем.

33.Кайберенге мамиле – бир мааниде сыйлоо, экинчи мааниде пир тутуу маселеси бар. Андан тышкары тиешелүү тыйюулар да бар.

34.Пирлер тууралуу түшүнүк үрп-адатка кирбейт, дүйнөтаанымга тиешелүү түшүнүк.

# 6_ЭЛДИК ТЫЮУЛАР
боюнча пикир

1. Ээлүү жерге аяр бол деген тыюу эмес, талап.

2. Чөптү кордосоң көзгө саят деген макал. Чөптү кордобо дегенде тыюу болот.

3. Кеткен жериңди аруула деген талап болуп калды. Тыюуусу: журтту тазаламайынча көчпө же аркаңдан булганыч (таштанды) калтырба.

4.Иттин ээси болсо, бөрүнүн Теңири бар деген макал.

Бул бөлүккө дагы көп тыюуларды жазса болот...